мамлекеттик расмий гезити
Эркин Тоо

Аймактын келечеги – өлкөнүн келечеги

# ЧАТКАЛ БАЙ РАЙОНГО АЙЛАНАТ

Чаткал районунун акими
Канжарбек ЭШАЛИЕВ
менен жеринен маектештик.



**Чаткал тоолуу жана мал киндиктүү район. Жалпы элдин саны - 27500. Ал эми кой-эчкинин саны 66 миңден жогору. Чаткал Таластын Кара-Буура районунан 150 км жана Жалал-Абаддын Ала-Бука районунан 150 км аралык менен чектешет. Өзбекстанга өтө жакын. Салыштырып айтканда, Таласка караганда Ташкентке жакыныраак.**

**- Канжарбек Жаныбекович, быйылкы аймактарды өнүктүрүү жылына кандай иштерди жүргүздүңүздөр?**

- 2018-жыл Президенттин Жарлыгы менен аймактарды өнүктүрүү жылына карата атайын иш-пландарды иштеп чыгып, саламаттыкты сактоо, айыл чарбасы, спорт, экономика, билим берүү, курулуш тармагына көңүл бөлүнүп, мектеп, бала бакчалар, спорт залдары салынып жатат. Усупбеков, Акназаров, Айымбетов атындагы мектептер салынып, пайдаланууга берилди. Ал эми бала бакчалардан айтсак, Терек-Сай айыл өкмөтүндө 110 орундуу, Молдобай айылында 110 орундуу, Шакафтар айылында 50 орундуу бала бакчалар бүтүрүлүп, пайдаланууга берүүнүн алдында турат. Ак-Таш айылындагы бала бакча ремонттолуп жатат. Жаңы-Базар айылында бала бакча курулуп жатат. Арзыл, Чапаев айылдарында бала бакчалар салынып жатат. Кайрыниса айылында бала бакча бүтүп, жакында пайдаланууга берилет. Буга чейин 16 жерде бала бакчалар берилди.

**- Сиздин райондогу саламаттыкты сактоо тармагына башкача көңүл буруп жатат деп уктук.**

- Буга чейин саламаттыкты сактоо тармагы мышык ыйлай турган абалда болуп келген. Ооруканалардын баары ремонтко муктаж болчу. Ушундан улам Терек-Сай айылына 7 млн сомго кошумча корпус салынды. Ал эми Жаңы-Базар айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна Өнүктүрүү фонду тарабынан 7 млн сом бөлүнүп, азыр тендерге берүүнүн алдында турат. Каныш-Кыя айылындагы борборлоштурулган ооруканасында төрөт бөлүмү ремонттон өткөрүлгөн, хирургия бөлүмү мекеме-уюмдардын жетекчилери тарабынан колдоого алынып, ремонттон өткөрүлгөн. Терапия бөлүмү ремонтко муктаж болуп келген эле, азыр ага "Кичи-Чаарат" ишканасынан 2,5 млн сом бөлүнүп, ремонт иштери башталганы турат. Чаткал алыскы тоолуу район болгондуктан дарыгерлер дайыма жетишпей келген. Андыктан районго дарыгерлерди алып келип, фирмалар тарабынан кошумча 10 миң сом айлык төлөп, иштетип жатабыз. Алардын коммуналдык чыгымдарын айыл өкмөттөр төлөп жатышат. Муну менен маселе чечилбейт экен, алар башка шаарларга кетишет. Андыктан, айылдарды кыдырып, ким доктурдун кесибин алгысы келсе окутабыз деп азыр Медакадемияда жана ОшМУнун медфагында 31 адамды 5 жылдык келишим түзүп, окутуп жатабыз. Алардын контрагы үчүн 1 млн 500 миң сомду фирмалардын эсебинен төлөйбүз. Алар окуусун бүткөндөн кийин районубузга келип иштеп беришет. Бул биздин районубузду өнүктүрүүгө бирден-бир салымыбыз деп эсептейбиз. Дем берүү үчүн жакында бир дарыгерге "Чаарат Заав" компаниясы аркылуу 600 миң сомго бир үй алып бердик. Муну менен чектелбейбиз, жылына 1-2ден үй сатып берүүнү улантабыз. Бизде санариптик рентген аппараты жок болчу, Президентибиз Сооронбай Жээнбеков тарабынан 5 млн сомдук рентген аппараты келди. Мурда элибиз Ош, Жалал-Абад шаарларына барып, рентгенге түшүп келишсе, эми өзүбүздүн аппаратта текшерилип жатышат.

**- Ички жана сырткы инвесторлор менен кандай иштешип жатасыздар?**

- Инвесторлорду тартууда жергиликтүү эл жана бийлик органдары менен салык төлөмдөрүн төлөө жана көптөгөн башка маселелерде дайыма кайчы пикирлер болуп турат. Андыктан алар менен иштешүү оор. Бирок биргеликте иштешүү үчүн эл, жергиликтүү айылдык кеңеш депутаттары менен түшүндүрүү иштерин чогуу жүргүзөбүз. Анүчүн жыйындарды өткөрүп, талкуулардан кийин бир чечимге келебиз. Жергиликтүү эл менен жаз алдында бир жолу коомдук угуу болот. Ага аксакалдар, жаштар бүт келип, ошол жерде социалдык пакеттер, жумуш орундарын түзүү, салык, салыктык эмес төлөмдөр, жаратылышты сактоо боюнча пикирлерди ортого салабыз. Кудайга шүгүр, инвесторлор менен азыр дипломатиялык түрдө иштешүүгө өтүп, меморандум түзүп алдык. Бир учурларда жол тосуулар болуп, сырттан келген инвесторлорго каршылыктар жаралган. Азыр жол тосуулар болбосун, бардыгы ачыкайкын жүрсүн, инвесторлордун жумушу токтобосун, жергиликтүү элде нааразычылык болбосун, көйгөй жаралбасын деп бардык маселени ортого коюп чечип алдык.

**- Жалпысынан Чаткал районунда сырткы жана ички инвесторлордон канчасы иштеп жатат?**

- Жалпысынан 158 лицензия берилген, анын ичинде жергиликтүү Чаткал районунун жана башка райондун тургундары да бар. Бирок иштеп жаткандары 5-6 эле, алар чет өлкөлүк инвесторлор. Алардын эң чоңу "Чаарат Заав" фирмасы. Баланска 76 тонна алтын койгон, бирок ишин баштай элек. Жакында курулуш иштерин баштаса, 2020-жылдан баштап толук кандуу ишти баштайбыз деген пландары бар. Андан кийин "Кичи Чаарат" фирмасы бар, алардын курулуштары толук бүттү. Октябрь айында жумуштарын баштаганы турушат. "Вертекс" компаниясы негизги төлөмдөрдү берип жатат. Алар өндүргөн алтындын 2%ы райондун өнүктүрүү фондусуна берилип жатат. Анын 20%ы айыл өкмөткө, 80%ы райондун өнүгүү фондусуна түшөт. Бул акчалар айылдардын билим берүү, айыл чарба, саламаттыкты сактоо тармактарына жумшалууда. Мындан сырткары, Кеңеш-Сай айыл өкмөтүндө «Эки-Бакыр» фирмасы иштейт. Бул компания менен "Кыргызалтын" мамлекеттик ишканасынын ортосунда келишим бар. "Кыргызалтын" анын 25% үлүшүнө ээлик кылат. Азыркы күндө анда 360 адам иштейт. Биздин райондун элинин орточо эмгек акысы 26 миң сомду түзөт. Алар көбүнчө алтын кен ишканаларында иштешет.

**- Чаткал району дотациядан чыгып баратат деп уктук.**

- Ооба, биздеги Каныш-Кыя жана Терек-Сай аймагы толук дотациядан чыгып, өзүн-өзү каржылап жатат. Жалпы Чаткал району 50% дотациядан чыкты. Чаткал айыл өкмөтү дагы 70% дотациядан чыгып калды.

**- Райондун жылдык бюджетинин көлөмү канча? Сырткы инвесторлор берип жаткан акчаларды кайсы максаттарга жумшап жатасыздар? Жергиликтүү ишкерлерди колдоо барбы?**

- Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн бюджети 64 млн сом. Андан 6 млн сом ашык түшүп, бюджет толук аткарылып жатат. Түшкөн акча каражаттарын айылдык кеңештин депутаттары менен айылга эмне муктаждык болсо ошону чечибиз. Негизги муктаждыктар – бала бакчалар, жолдорду асфальттоо, мекемелерди капиталдык ремонттоо, аппараттагы кызматкерлердин айлык акыларын көбөйтүү, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды колдоо, мектептеги мугалимдерди, билим берүү, спорт тармагын колдоого жумшайбыз. Айыл чарбасына 30 млн сомдон ашык акчага элге айыл чарба техникалары алынып берилди.

**- "Чаарат Заав" компаниясы конкреттүү кандай жардамдарды берди?**

- Бул компания ушул жылы 14 млн 400 миң сом берүү боюнча биз менен меморандум түзгөн. Анын 6 млн сому Чакмак-Суу, Башкы-Терек, Коңур-Сай айылдарынын жолдорун асфальттоого бөлүндү. Жылда ар бир айылдын жолу үчүн бөлүп келатабыз. Андан сырткары, 800 миң сомду маданият үйүнө отургучтарды алууга, 2,5 млн сомду ооруканага, Сумсар айыл өкмөтүнө кызматтык автоунаа сатып алууга бердик. 1 млн сом ар кандай майда чыгымдарга, ооруп калгандарга, спортчулар спартакиадага, алдыңкы окуучулар облустук олимпиадага барганда, муктаж үй-бүлөлөргө берилет. Ушундай социалдык маселелерди чечүү максатында 1 млн сом бөлдүрөбүз.

**- Жер салыгын канча төлөшөт?**

- Жалпысынан инвесторлор 14 түр салык төлөшөт. Үч алтын кен компаниясы биригип, 64 миң сом төлөйт.

**- Коррупция менен кантип күрөшүп жатасыздар?**

- Компания өз ичинде коррупция болсо, өзү күрөшөт, ал эми биздин ичибизде болсо, өзүбүз күрөшөбүз. Коррупцияга жол бербей, салыктарды өз учурунда төлөш керек деп турабыз. Башында эл менен "Чаарат Заавдын" ортосунда түшүнбөстүктөр болгон. Акыры алар ар бир айылдан бирден өкүлдү Түркияга алып барып, кен иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгү менен тааныштырып, видеого тартып келип, элге көрсөтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ошондон кийин эл менен бир пикирге келип, азыр жакшы иш жүрүп жатат.

**- Балык чарбасы барбы?**

- Ак-Көл, Көк-Көл деген көлдөрүбүз бар. Чаткалдын тургуну Сапарбек Абдрахманов Ысык-Көлдө иштеп жүрүп, анан бул жерге келип ушул көлдөргө форель балыгын коё берген. 30 жылдан бери ошол жерге эл барып, кайырмак менен балык кармашат.

**Сымбат МАКСУТОВА**

Ишке ашсын!

# КЫРГЫЗСТАНДА "ТУНУК ДАРЫЛАР" ДОЛБООРУ КИРГИЗИЛГЕНИ ТУРАТ

***Өлкөдө 2040-жылга чейин "Таза коом" долбоорунун алкагында бардык тармакты электрондоштуруу иштери жүрө турганы маалым. Азыр "Таза коомду" ишке ашырууга алгачкы кадамдар жасалып, "Акылдуу шаар" долбоорунун биринчи этаптары тесттик режимде ишке кирүүдө. «Акылдуу шаар» өзүнө жарандарга мамлекеттик кызматтарды электрондук форматта алууга көмөктөшөөрүн, андан сырткары, кыргызстандыктардын коопсуздугу менен ыңгайлуулугун жогорулата турган долбоорлорду камтый тургандыгын билебиз.***



Ага чейин ИИМдин маалымат борборлору, каттоо кызматында бир топ тутумдар электрондоштурулду. Албетте, бул кадамдар бюрократиялык жана коррупциялык айрым иштерге бөгөт болуп, коомчулукка жагып турган учуру. Электрондоштуруу тутумуна Билим берүү тармагы да өтө баштап, бала бакчага кабыл алуу электрондук кезек менен жүргүзүлүп калганы жакшы иш болду. Кызматтарды электрондук платформалар аркылуу жүргүзүүдө шайлоо системасында да жылыштар бар экени белгилүү, өлкөдө жашаган ар бир адамдын өздүк маалыматтары электрондоштурулгандан тарта, элдин шайлоо укугу мурдагыдай тепселенбей калганын өткөн президенттик шайлоодо байкай алдык. Андыктан көпчүлүк электрондоштуруу тутуму саламаттыкты сактоо тармагына да киргизилсе деген пикирин билгизе баштады. Тийиштүү министрлик болсо, тармак сөзсүз электрондоштурула тургандыгын айтууда. Ал ортодо Кыргызстандагы жеке медициналык клиникалар, ооруканалардын дээрлик баары электрондук базага туташып бүттү. Эми мамлекеттик деңгээлде биринчи кадамдар дары-дармек сатуу тармагынан башталганы турат өңдүү. Анткени, жакында "Тунук дарылар" аттуу долбоор иш баштаганы турат деген кабар тарады. "Тунук дарылар" деген аталышы айтып тургандай эле мындан ары дарылар жарандар үчүн тунук көрүнө баштайт. Бул Кыргызстанга кирген дары тууралуу маалыматтар электрондук базага киргизилип, ал жарандарга тунук көрүнүп турат деген сөз.